КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги IV сессиясы**

**№4/2 ТОКТОМ**

**20-февраль 2025-ж** **Үч-Коргон айылы**

**Үч-Коргон айыл аймагынын Күнгөй участкасында жайгашкан мал союучу жай (кушкана) куруу үчүн айыл өкмөтүнүн 05.03.2020-жылдагы №03-10/34 токтому менен айыл аймагынын тургуну Мадаминов Давранжан Мухтаровичке убактылуу пайдаланууга берилген 0,20 га жер аянтынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алуу жана ижарага берүү жөнүндө**

Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-февралындагы Чыгыш №01-05/256 катына жана 2002-жылдын 15-мартындагы Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” №37 Мыйзамынын 5-беренесине негиз, кыймылсыз мүлктөрдү өткөрүп берүү келишимине ылайык, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагынын Күнгөй участкасында жайгашкан мал союучу жай (кушкана) куруу үчүн айыл өкмөтүнүн 05.03.2020-жылдагы №03-10/34 токтому менен айыл аймагынын тургуну Мадаминов Давранжан Мухтаровичке убактылуу пайдаланууга берилген 0,20 га жер аянтынын мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу, Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине алынсын.

2. Муниципалдык менчикке алынган жерди, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына таянып, Муниципалдык менчиктеги объекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү Жобого ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы О.М.Шакировго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**